# КАРАХАНИЙ ДООРУНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН АРХЕОЛОГИЯЛЫК ЭСТЕЛИКТЕРИ

**ДОЦ. К. И. ТАШБАЕВА**
Кыргызстан улуттук илимдер
академиясынын тарых институту

Кыргызстандын аймагында караханилер доорунун отурукташкан маданиятын айкындай турган эстеликтердин белгилүү өлчөмү сакталып калган. Бул мезгилдерде мурунку согдулук колониялардын ордуна карлук мезгили улантып жаңы турак жайлар менен шаарлардын өсүп чыгышына алып келген. Анын үстүнө шаарлардын өнүгүшүнө Мавераннахрды арабдардын басып алышынан кийин Жетисуу тарапка согдулуктардын массалык көчүүсүн шарттап феодалдык мамилелердин өнүгүшүн айкындаган.

X—XII— кылымдарда бүткүл Борбордук Азияда өндүргүч күчтөрдүн жогорулагандыгы байкалат. Ошол кездерде узун дубалдуу шаарлардын тобунан, бир топ ири шаар борборлору бөлүнүп чыккан. Бул ири шаарлар кол—өнөрчүлүк менен соода—сатык иштеринин борборлору болуп калышкан.

Чоң борборлордун айланасындагы сепилдердин көпчүлүгү узун дубалдуу шаарлардан бөлүнүп чыгып ири кыштактарга айланып кеткен. Алардын кээ бирлеринин өзүнчө кол—өнөрчүлүк өндүрүшү болгон, айрымдары бекемделген чакан чептер боюнча кала берген.

Бул мезгилде кыштактар менен тургун жайлардын саны көбөйгөн. Алар бардык жерлерде, жада калса, мурда жалаң көчмөндөр жайгашкан жерлерде да пайда болуп, өнүгө баштаган. Мисалы, Или өрөөнүндө ошол мезгилде бир топ шаарлар өсүп чыккан. Бул шаарларда көчмөндөрдүн да маданияты байкалып турат. Эгерде мурда Теңир Тоодогу Барсхан менен Атбаш шаарларынын аралыгында бир да турак жай болбосо, X-XII — кылымдарда бул жерде да шаарчалар жана кыштактар пайда болот. Мындай тургун жайлардын көбөйүшү соода иштеринин жана жаңы соода жолдорунун өнүккөндүгү менен байланыштуу. Негизги соода жолдорунан бир топ жергиликтүү майда соода жолдору дагы

бөлүнүп өнүгө баштайт.

Карахандардын доорунда турак жайлардын пайда болушунун дагы бир себеби бул дыйканчылыктын өнүгүшү.

Бирок ошол эле мезгилде кыштактар менен турак жайлар пайда болуп жатканда чакан шаарлар азайып, алардын ордуна ири борборлор өнүгө баштайт.Орто кылымдардагы шаарлар үч бөлүктөн турган — сепил, шахристан жана рабаддан. Сепил шаардын абдан бекемделген бөлүгү болуп, анда акимдер аскер кызматчылары менен жашаган; сепил шахристандын аймагында жайгашкан. Шахристандын бекемделген өзүнчө чеби болгон, анын ичинде феодалдардын, соодагерлердин жана дин кызматчыларынын үйлөрү, коомдук жана сыйынуучу имараттар, соода кампалары жана башка курулуштар жайгашкан. Шахристандын тегерегинде рабат, башкача айтканда шаардын кол өнөрчүлөрү жашаган бөлүгү болгон, аларда түрдүү устаканалары иштеп турган.

Бир гана Чүй өрөөнүндө орто кылымдарга таандык 80 шаар жана кыштак болгон, алардын 18и ири шаар борборлоруна кирет.

Орто кылымдагы Нузкет Чүй өрөөнүнүн Батышындагы Кара—Балтага аймакташ Шиш—Төбө, андан кийин Харран—Джуван Беловодское айылынын, Джуль Бишкек шаарынын, Навикат азыркы Красная Речканын, Суяб Токмоктун жанындагы Ак—Бешим урандысынын, Баласагын Бурана шаарынын аймагында жайгашкан. Алардын бири орто кылымдагы Нузкет — азыркы Шиш—Төбө. Ушул күнгө чейин сепили жана шахристаны жакшы сакталып калган. Алардын күчтүү бекемделген коргондору болгон. Шахристандан тышкары калган шаардын бөлүгү (рабадды) эки кабат коргон менен курчалган. Коргондун ичинде бир топ түрдүү курулуштар, устаканалар болгон.

Археологиялык казуулардын натыйжасында бул жерден X—XII—кылымдарга тиешелүү үйлөрдүн жана башка курулуштардын калдыктары жана түрдүү археологиялык буюмдар табылган. Алардын ичинен эң кызыктуусу кенч табылгалары эсептелинет.

Кенч табылгалардын бир нече миңи карахандардын тыйындары —дирхемдер. Бул дирхемдер Карахан мамлекетинин шаарларында жасалган.

Суяб (азыркы Ак—Бешим), Навикат (азыркы Красная Речка), Баласагун (азыркы Бурана) жана башкалар шаардык түзүлүшү боюнча Нузкетке (Шиш—Төбөгө) окшош болгон. Булар VII—VIII—кылымдарда эле пайда болуп, акырындап өнүгүп, X—XII—

кылымдарда соода жана өнөрчүлүктүн чоң борборлору болуп калат. Алардын баардыгы узун дубалдуу шаарлардын тобуна кирет.

Навикат Бишкек шаарынан 30 км чыгышта жайгашкан Красная Речка шаарына туура келет. Ал дагы сепилден жана шахристандан турган. Шахристанга узун дубалдар менен курчалган кеңири аянт кыналып турган.

Шаардын бүт бөлүгү чеп дубалдар менен курчалган. А. Н. Бернштам, П. Н. Кожемяко, К. М. Байпаков жана В. Д. Горячева тарабынан жүргүзүлгөн казуулардан улам, ар кандай ырым—жырым менен көмүлгөн көрүстөндөр, шаардык курулуштар, будда храмы жана согду курулуштары табылган. Шаардыктардын курулуштары жана турак жайлары татаал жайгашууну элестетет. Турак жайдын дубалдары оюу—сызуулар менен кооздолуп, карапаларга чиймелер түшүрүлгөн. Казуудан чыккан табылгаларга караганда шаарды V—XII—кылымдарга таандык деп айтууга болот. Буддалык храмды казууда П. Н. Кожемяко Будда Нирвананын айкелин тапкан. Ал толук сакталган эмес. Анын адепки бийиктиги 12 м жеткен. Ошого эле окшош Будда айкели Аджина—Тепеде (Тажикстан) жүргүзүлгөн казууларда табылган.

Суяб — Ак—Бешим шаары түрк мамлекетинин VI—X—кылымдардагы борбору болгон. Ал өзүнүн түзүлүшү боюнча узун дубалдуу шаарларга окшош болгон. Анын борбордук бөлүгүн шахристан түштүк батышын сепил ээлеп турган. Шахристан эки бөлүктөн турат. Шахристанды улай көптөгөн курулуштар орун алган.

Бул шаарда кеңири казууларды 1953—54—жылдары Л. Р. Кызласов, андан кийин 1955—1958—жылдары Л. П. Зяблин жүргүзгөн. Шахристандын биринчи бөлүгүнүн калыңдыгы 7,5 м келген маданий катмарынан казылып V—XII—кылымдарга таандык табылгалар чыккан. Экинчи бөлүгүнөн VII—VIII—кылымдагы христиан чиркөөсүнүн калдыгы жана мүрзө табылган. Түштүк батышынан VII—VIII—кылымдагы чиркөөнүн калдыгы ачылган. Аны менен бирге VII—VIII—кылымдагы хумар, камер, склеп үлгүсүндөгү көрүстөн комплекси казылган.

1953—54—жылдардагы казуулардан будда храмынын табылышы олутту ачылыш болду. Ал сепилден 100 м түштүк—чыгышта жайгашкан. Түзүлүшү боюнча 22х76 м тик бурчтук дубалдын этегинде жайгашкан айван жана ачык короодон турат. Короодон түз эле ачык залга өтүп сыягы анда кудайга сыйынышкан. Залда карападан жасалган Будданын бийик такка отургузулган 4 айкели орун алган. Залдын дубалдары жана шыптары живопис менен

коолдолгон. Залдын батыш жагында 3 эшик болуп, ортоңкусу Будданын коло айкели коюлган ибадатканага, ал эми калган эшиктери аны айланып өтүүчү коридорлорго кеткен.

1955—1958 жылдары казылган экинчи будда храмы биринчисинен 250 м чыгышта жайгашкан. Ал жайгашуусу боюнча 38х38 төрт бурчтукту элестеткен. Курулуш ачык короодон, ибадатканадан жана айланып өтүүчү эки коридордон турган. Ибадатканын ичинде Будданын борбордук айкели жана дубалдын оюктарында кудайлардын сөлөкөттөрү турган.

Будда храмы жана христиан чиркөөсү, биринчиден, бул жерде ар кандай маданияттын жана диндин гүлдөп өскөнүн далилдесе, экинчиден, архитектуранын, айкелчиликтин жана живопистин жогорку деңгээлде өнүккөнүн айкындайт.

Мындай курулуштар жайгашуусу боюнча Чыгыш Түркстандагы, Ортоңку жана Кичи Азиядагы курулуштарга түспөлдөшүп ар кайсы өлкөлөр менен элдердин ар кандай маданияттын бири—бирине таасир этип, журулушусунда Улуу Жибек жолунун ролун көргөзөт.

Баласагын шаары болсо X—XII—кылымдарда Карахан мамлекетинин борбору болуп турган. Ортосунда аябай бекемделген сепили, бир топ коомдук жана ибадат курулуштары, ошондой эле мунарасы менен бул шаар өзгөчөлүгүн жакшы сактаган. Ал тегерек планда салынган, пайдубалы из кырдуу, бийиктиги 21 метрден ашыгыраак (мурдагы бийиктиги 42 метр болгон), төмөн жагынын диаметри 9 метрге жакын, жогору жагы — 6 метр. Бурана мунарасы бүт бойдон бышык кирпичтен салынып, ичинде буралып тургузулган кууш тепкичи бар. Сырткы бети ырааттуулук менен кооздолгон. Мунаранын жанында 3 күмбөз болгон, алардын пайдубалдары гана сакталып калган. Бири 8 бурчтуу, экөө тегерек. Бул мунара X (XI) кылымдарда салынып, Борбордук Азияда эң эле байыркы болуп эсептелинет.

Түштүк жагынан орто кылымдардагы мончо жана ага суу алып келген 25 метр узундуктагы нуурлар табылган. Археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында табылган түрдүү табылгалардын, баары ушул жерде жашаган элдердин аябай өнүккөн маданиятын белгилейт.

Чүй өрөөнүндөгү башка шаарлардан карахандардын карапа идиштеринин сыныктарын казбай эле тапса болот. Бул шаарлардын көпчүлүгү Караханийлер доорунда өтө өнүгүп, бирок XIII—кылымдарда урандыга айланган.

Орто кылымдарда ошондой эле Талас өрөөнү да өнүккөн. Талас

өрөөнүндө 60ка жакын шаар жана кыштактар белгилүү. Алар да Чүй өрөөнүндөгүдөй соода жолунда пайда болуп, Талас суусунун сол жагында катар жайгашкан. Бул жерде 4 чоң узун дубалдуу белгилүү шаар —Жоон—Төбө (байыркы Атлах) Тараздан алыс эмес жерде жайгашкан, Садыр—Коргон (байыркы Шельжи, Кара—Буура айылында) Ак—Дөбө I (байыркы Сус, Орловка айылында), Ак—Төбө II (Текабют, азыркы Талас шаарынын ордунда). Булардын араларында майда кыштактар жана тургун жайлар болгон.

Орто кылымдарда Талас өрөөнү Шельжи аймагы (округ) деген ат менен белгилүү болгон. Бул жер негизинен күмүштүн ордосу катары орто кылымдагы кол жазма булактарында эскерилет. Теңир Тоодо белгилүү Кошой Коргон (орто кылымдагы Ат—Башы шаары) Кара—Коюн суусунун сол жээгинде жайгашкан. Түзүлүшү 4 бурчтуу 245х245 м, квадратка жакын. Дубалдары бир топ жакшы сакталып, 4—8 метр бийиктиги төмөн жагында 7—9 м жогору жагында 5—6 метр болгон. Бурчтарын жана дубалдын ортолорун бир топ мунаралар бекемдеп турган. 4 жагында тең эшиги болгон. Археологиялык казуулардын натыйжасында бул жерде үйлөрдүн жана башка курулуштардын калдыгы, очоктору ачылган. Бир топ карапа идиштер жана тыйындар, темирден, сөөктөн жасалган кооз буюмдар табылган. Бул буюмдар VIII—XII—кылымдарда шаардын өнүгүп турганын көрсөтөт.

Орто кылымдар үчүн мүнөздүү болгон кербен сарайлар өтө өзгөчөлөнүп турат. Алар ошол кездеги соода жолдорун тейлеген. Кербен сарайлар шаарларда да, ошондой эле бири биринен өтө алыс жайгашкан тургун жайлардын же оазистердин аралыктарында да боло турган. Мына ушундай курулуштарынын бири — Алабуга суусунун өрөөнүндөгү Манакельди кербен сарайы Ферганадан Кашкар жана Ысcык—Көл тарапка кетүүчү жолдун боюнда жайгашкан. Анын аянты 75х75 чарчы метрди түзгөн. Анын түндүк жагындагы дубалдын жалгыз дарбазасынын тик бурчтуу мунаралары —пилондору болгон. Калган жактарындагы дубалдары туюк болгон. Бурчтарында бирден жумуру мунара, ар бир дубалдын ортосунда бирден төрт бурчтуу мунара турган. Ички курулуштары үч катар болуп салынган туташ жатаканалардан турат. Ал эми ортосун төрт чарчысынан келген үстү ачык короо ээлеген.

Ал эми 40 км чыгышта, ошол эле Алабуга суусунун өзөнүндө турган Шырдакбектин чеби де кызыктуу. Дубалдары азыркы учурда 4 метр бийиктике сакталып калган, төмөн жагы 8 метр, жогору жагы 5—6 метр кенендикте. Дубалдары мунаралар менен

бекемделген. Чыгыш жана батыш жагында эшиктери бар. Мунаралардын боорунан жаа ачуу үчүн тешиктер жасалган. Чепти айланта туурасы 20 метр аң казылган. Чептин ичинде курулуштардын калдыгы калган эмес. А. Бернштамдын пикири боюнча бул көчмөн феодалдардын чеп—шаары болгон. Ошондуктан алар боз үйдө жашап, үйлөрдү курган эмес.

Ошентип Кыргызстандын түндүгүндө кыштактар менен шаарлар чакан—чакан оазис түрүндө болуп, алардын айланасында көчмөн калк орун алышкан. Бул жакта саясий бийлик көчмөндөрдүн ак сөөк феодалдарынын колунда болгон. Шаарлар бири—бирине көз каранды болушкан эмес, бирок баардыгы түрктөргө баш ийишкен. Алардын ортосунда кандайдыр бир союздаштык мамилелер бар экендиги жөнүндө так эмес маалыматтар бар.

Ал эми Түштүк Кыргызстанда кыштактар менен шаарлардын пайда болуу жана өнүгүү процессин Ош оазисинин мисалынан байкасак болот. Бул жерде бизге белгилүү үч чоң шаар болгон.

Биринчиси — Ош шаары ал орто кылымдын башында пайда болгон, акырындык менен өнүгүп X—XII— кылымдарда чоң шаарга айланат. Ферғананын бардык шаарлары сыяктуу эле, ал да мавераннахрдык шаарлардын үлгүсү боюнча калыптанып, үч бөлүктөн: сепилден, шахристандан жана рабаддан турган.

Жазуу булактарынан Ош шаары жөнүндө төмөнкү маалыматтар белгилүү: "Ошто калк жашаган ички шаар, адамдар жашаган сепил жана акимдин үйү бар, сепилде түрмө да бар: шаар түбүндөгү аянт бийик дубал менен курчалып... шаарда үч дарбаза, ал—Жебель (тоо) дарбазасы, ал—Маи (суу) дарбазасы жана Мугкадах дарбазасы; шаардын дарбазалары бекемделген". Ош бүткүл Фергана боюнча чоңдугу жагынан үчүнчү шаар деп эсептелген. Археология жагынан орто кылымдардагы Ош бизге таптакыр белгисиз, анткени анын ордун азыркы шаар курулуштары ээлеп тургандыктан археологиялык казууларды жүргүзүүгө мүмкүн болбой калды.

Түштүк Кыргызстандагы экинчи чоң шаары бул — Өзгөн. Карахандар доорунда ал саясий жактан жогорулап Маверанахр дубанынын борбору болгон. Өзгөн да сепил, шахристан жана бир нече рабаддан турган, шаардын төрт дарбазасы болгон. Өзгөн ири соода борбору болуп, андан Ясы ашуусу аркылуу Ички Теңир—Тоого, андан ары Жети—Сууга жана Чыгыш Түркстанга кербен жолу кеткен.

Байыркы Өзгөн урандылары азыр да байкалып турат. Кара—Дарыя суусунун оң жээгинде жайгашып, бул урандылар үч

бөлүктөн турат. Ар бир бөлүгүнүн өзүнчө бекемделген коргондору болгон. Өзөндүн жээги атайлап жарга айландырылып шаардын коргонуусун чыңдаган. Шаарга узун пандус аркылуу гана кирүүгө мүмкүн болгон, алар мунаралар менен бекемделген. Байыркы Өзгөндүн рабады азыркы курулуштардын алдында калган. Бирок шаардын чегинде бир топ орто кылымдарга тиешелүү эстеликтер сакталып калган. Бул мунара жана үч күмбөз XI—XII—кылымдарга таандык. Өзгөндүн мунарасы өзүнүн конструкциясы жагынан Буранага окшош; анын тегерек мунарасы сегиз кырдуу пайдубалдын үстүнө орнотулган. Өлчөмдөрү да болжол менен бирдей. Экөөнүн тең жогорку жагы сакталган эмес. Мунара XII—кылымдарда курулган, анын бийиктиги 44 метрден кем эмес болгон. Азыркы бийиктиги 27 метр. Бул мунаранын кирпичтен жасалган декорациясы бир кыйла кооз. Анын он бир алкагы бар, жазылыгы ар кандай болгон.

Өзгөндөгү үч күмбөздүн ортоңкусу эң байыркысы деп эсептелинет. Ал XI—кылымда салынган. Ал төрт бурчтуу, ички жактары 8,5 метр, төбөсү купол түрүндө жабылган. Дубалдарынын тышкы бети кирпичтерди түрлөнтө коюу менен кооздолгон жана алебастр менен шыбалып, оймо—чийме сызыктар, өсүмдүктөрдүн сүрөттөрү менен жана куфа жазуулары менен жасалгаланган.

Түндүк жагындагы күмбөз 1152—жылы салынган, ага Карахан династиясынын өкүлдөрүнүн бири коюлган. Бул да төрт бурчтуу планда курулуп,ички жактары 7,5 метр, төбөсү купол менен жабылган. Бирок, мында жаңы архитектуралык бир деталь — портал пайда болгон. Кооздоо ишинде да жаңылык кездешет. Кирпичти фигуралуу кылып коюдан жана алебастр шыбагына оймо—чийме түшүрүүдөн башка да саймалуу терракота менен да кооздошкон. Бул "насх" жана "куфа" жазууларын чийгенде колдонулган. Үчүнчү түштүк жагындагы күмбөзгө да Карахан династиясынын өкүлдөрүнүн бири коюлган. Ал 1186 жылы салынган. Мында портал алда канча өркүндөтүлүп, ал күмбөздүн тулкусунан бөлүнүп, алды жакка чыгып турат. Анын бурчтарында жана капталдарында түрдү колонналар тургузулган. Бул жаңы элементтер күмбөздү монументалдуу жана шөөкөттүү кылыш үчүн колдонулган. Бул күмбөз да аябай кооздолгон.

Түштүктөгү үчүнчү чоң шаар Ош шаарына жакын жайгашкан Медва болгон. Орто кылымдарда бул 4 бурчтуу эки бөлүктөн турган шаар болгон. Шаарда жакшы бекемделген сепил жана көп имараттар болгон. Оштон 2 фарсахтык алыста, бийик жерде тургандыгынын, шаардын айланасы жакшы көрүнүп, Ошко чейин

байкалып турган. Бул жөнүндө ибн—Хаукаль, ал—Истахри жана Мукаддасинин маалыматтары бар. Азыр бул шаардын сепилинин урандылары гана сакталып, ал эми калган жагында азыркы Мады кыштагы жайгашкан.

Кыргызстандын түштүгүнүн көп жерлеринде бул мезгилге таандык майдараак шаарлар жана кыштактардын калдыктары бар экендиги белгилүү. Калк орношкон турак жайлардын көп болгондугун жазма булактар да ырастайт. Мисалы, Мукаддаси жалаң гана Ферганада чоң мечиттери бар 40 шаар жана кыштак болгонун кабарлайт. Бул шаарлар менен кыштактар үч виалетке кирген — Миян и—Руданга Түштүк Кыргызстандын Нарын менен Кара—Дарыянын ортосундагы шаарлар менен Өзгөнгө чейинки жерлер кирген. Несай тобуна түштүк Фергананын шаарлары кирген, алардын ичинде Ош, Медва, Куршаб жана башкалар; Ваэгий тобуна Сыр—Дарыянын түндүк жагындагы шаарлар кирген, ошондой эле Арделанкет шаары менен кошо Жидгиль (азыркы Чаткал) виалети да кирген. Хайлам — азыркы Кетмен—Төбө өрөөнү өзүнчө дубан болгон.

Түштүк Кыргызстандын шаарларынын экономикасы бүтүндөй жана толугу менен көчмөндөр менен соода жүргүзүүгө, ошондой эле кол өнөрчүлүк үчүн чийки зат өндүрүүгө багытталган. Кол өнөрчүлүк буюмдары көчмөндөр алып келген мал, жүн, тери жана сүт—май оокаттарына айырбашталган.

Бирок көчмөндөрдүн нукура байырлаган жерлери катары тоолуу өрөөндөр кала берген. Чүй жана Талас өрөөнүнүн көчмөндөрү шаар турмушуна баш коюп алардын маданиятына тартыла баштаганда бул жердин көчмөндөрү тоолуу өрөөндөрдү байырлап кала беришкен.

Ошентип орто кылымдардын алгачкы доорундагы Кыргызстандын маданияты байыркы көчмөндөрдүн өзүнө мүнөздүү маданиятынын жана Ферганanын отурукташкан—дыйкан калкынын адат салттарынын негизинде түзүлгөн. Сырттан келген көчмөн түрк уруулары региондун феодалдык маданиятынын түзүлүшүндө эң манилүү ролду ойногон жаңы маданий салттын өкүлдөрү болушкан. Жети—Суунун отурукташкан маданиятына бул тарапка көчүп келген согдулуктар негиз салышкан. Көчмөн түрктөрдүн массалык түрдө отурукташышы Жети—Суудагы шаарлар менен кыштактардын өсүшүнө түрткү берип, эки маданияттын өз ара сиңишүү жана таасир тийгизүү процессин ылдамдаткан. Ал XI—XII кылымдарда мал чарбачылыгы менен кесиптенип, чет—жакада жашагандарды гана эмес, шаардык

калкты да түрктөштүрүүгө алып келген.

X—кылымда Карахан кагандары ислам динин кабыл алышкан. Жети—Суу аймагы түндүк чыгыштын мусулман маданиятынын жана илимдүүлүктүн алдыңкы очогу болуп калган. XI—кылымда Жети—Суудагы шаарлардан чыккан Жусуп Баласагун менен Махмуд Кашгар дүйнөлүк маданият казынасына кирген биринчи түрк адабий жана илимий эмгектерди жаратышкан.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР

БАРТОЛЬД В. В., (1963), **Очерк истории Семиречья,** Соч, т.2, ч. 1, М.

БАРТОЛЬД В. В., (1966), **Отчет о поездке в Среднюю Азию с научной целью, 1893—1894 гг,** Соч, т.4, М.

БЕРНШТАМ А. Н., (1941), **Археологический очерк Северной Киргизии**, Фрунзе.

БЕРНШТАМ А. Н., (1950), **Архитектурные памятники Киргизии**, М.

БЕРНШТАМ А. Н., (1952), Историко—археологические очерки Центрального Тянь—Шаня и Памиро—Алая, **МИА**, № 26, М.—Л.

БЕРНШТАМ А. Н., (1963), Городище Садыр—Курган // **Археологические памятники Таласской долины**, Фрунзе.

БИЧУРИН Н. Я., (1951), **Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена**, т.2, М.—Л.

БУБНОВА М. А., (1963), Средневековое поселение Ак—Тобе 1 у с. Орловка. //**Археологические памятники Таласской долины**, Фрунзе.

ВИННИК Д. Ф., (1968), К исторической топографии средневековых поселений Иссык—Кульской котловины. // **Древняя и средневековая культура Киргизстана**, Фрунзе.

ВИННИК Д. Ф., (1985), **Поселение восточной части Чуйской долины. // Из истории дореволюционного Киргизстана**, Фрунзе.

ВИННИК Д. Ф., (1985), Города и поселения Тянь—Шаня и Семиречья. // **Из истории дореволюционного Киргизстана**, Фрунзе.

ВОЛИН С., (1960), Сведения арабских источников 9—16 вв. о долине реки Талас и смежных районах. // **Труды ИИАЭ Каз.ССР**, т.6, Алма—Ата .

ЗАДНЕПРОВСКИЙ Ю. А., (1973), Типология и динамика развития

городских поселений древней Ферганы. // **Древний город Средней Азии**, Л..

КОЖЕМЯКО П. Н., (1959), **Раннесредневековые города и поселения Чуйской долины**, Фрунзе.

КОЖЕМЯКО П. Н., (1963), **Оседлые поселения Таласской долины.//Археологические памятники Таласской долины,** Фрунзе.

КОЖЕМЯКО П. Н., (1968), Караван—сарай на р. Мана—Кельды. // **Труды ФПИ,**Вып.26, (архитектура и строительство), Фрунзе.

КОЖЕМЯКО П. Н., (1970), Изучение памятников средневековья в Киргизии. // **Средневековые города Средней Азии и Казахстана**, Л.

**Материалы по истории киргизов и Киргизии**, (1973), Вып. 1, Л,